
# 2023-2024-окуу жылында кыргыз адабияты предметин окутуу боюнча методикалык сунуштар



— ОКУРМАНДЫК САБАТТУУЛУК
— КРЕАТИВДҮҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

## ИШКЕ АШЫРУУ ЖОЛДОРУ 2023/24 жыл

- ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ
- ОКУУ ПРОГРАММАСЫ
- ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ







**Предметтик стандарттын, окуу программасынын, ОМКнин мазмунуна киргизүү:**

© АО «Издательство «Просвещение», 2022

# Предметтик стандарттын түзүмү

**1 Бөлүм. Жалпы Жобо**

1.1. Предметтик стандарттын статусу жана түзүмү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**2 Бөлүм. Предметтин концепциясы**

2.1. Окутуунун максаты джана милдеттери
2.2. Предметтик окутуунун методологиясы
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалдарынын мазмундук линияларга жана класстарга бөлүнүшү
2.6. Предметтер аралык байланыш. Тематикалык линиялар


**3 Бөлүм. Билим берүүнү натыйжалары жана баалоо**

3.1. Окуучулардан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Негизги стратегиялар, методдор жана критерийлер, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо

**4 Бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлган талаптар**

4.1. Предметти окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар
4.2. Ресурстук камсыздоого коюлган талаптар
4.3. Мотивациялоо жана коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү

**Жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер**





Окутуу-тарбиялоо ишинде мамлекеттик маанилүү документтерди эске алуу, жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар болуп саналат. Кыргыз Республикасында “кыргыз жараны” түшүнүгүнүн калыптанышы, улуттук нарктарды жаш муундун өкүлдөрүнө үйрөтүү, улуттук нарктык руханий жана материалдык маданиятыбызды сактоо, аларды кыргыз адабияты сабактарынын мазмуну менен айкалыштыруу аркылуу окуу материалдарынын мазмунун байытуу, аларды максаттуу колдонуу мектеп мугалиминин негизги милдеттеринин бири.

# Жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер

1. КРнын Президентинин Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу Указы (2021);
2. Кыргыз Ресrrубликасынын Президентинин 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы; (2020-ж 13-ноябрь №39 Жарлык)
3. КРнын Президентинин «Улуттук нарк тууралуу» указы, 2022-ж. 20-май,
4. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июль № 403 токтому )
5. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (КРнын Өкмөтүнүн 2020-ж.1-октябрь № 510 токтому)



Бул документтер менен катар, быйылкы окуу жылында адабий билим берүүнүн концепциясы (2022), предметтик стандарт (2023) жана жаңыланган окуу программасы: Кыргыз адабиятын кыргыз мектептеринде окутууда С. Байгазиев, А. Муратов, Б. Абдухамидова, К.Акматов, А.Батыркулова, Г.Музаева түзгөн окуу программасы жетекчиликке алынат.

КР Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2023/2024-окуу жылы үчүн **Базистик окуу планына ылайык мамлекеттик компоненттеги кыргыз адабиятына ыйгарылган сааттарда 7-класста кыргыз адабияты 1 саат кыскарды, башка класстарда өзгөрүүлөр болгон жок.**

| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бөлүнгөн сааты | 2 | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| Жыл бою | 68 | 68 | 68 | 68 | 102 | 102 | 102 |



## Предметтик стандарт

Кыргыз адабиятын окутууда 5-11-класстардын окуучуларынын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө үчүн окурмандык, эмоционалдык-баалуулук, адабий чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болуп саналат.

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат.

Аталган стандарт кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу - методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

# Предмет «КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ»

"Кыргыз адабияты" предмети филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат.

**Адабиятты 5-9-класстарда окутуунун максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабиятты эстетикалык кабыл алуусун калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

**Милдеттери**

- мектеп окуучусунун окурмандык толук кабыл алуусун, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын чыгармаларын түшүнүүсүн камсыздоо;
- окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерди билдирүүсүнө жана көркөм сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүнө түрткү берүү;
- чыгарманын маанисин түшүнүүсү жана текст менен өз ара аракеттешүүсү үчүн окуучунун ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- окуучулардын адабий-чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн өбөлгөлөө.

# Предмет «КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ»

**10-11-класстарда адабиятты окутуунун максаттары:**

- кыргыз адабиятты жана алардын өз ара байланышын системалуу түрдө окутуу;
- дүйнөлүк адабий процесс жана анын  негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- тиешелүү окутуу тилинде негизги окурмандык  компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.

**Милдеттери**

- окуучулардын дүйнөнүн жалпы картинасы, өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү;
- адабий чыгарманы көркөм бүтүндүк катары талдоо жана чечмелөө билгичтиктерин жакшыртууга түрткү берүү;
- окуучулардын  ар түрдүү жанрларда дил баян, эссе  жазуусуна түрткү берүү.

ПК1.

- ОКУРМАНДЫК

ПК2.

- ЭМОЦИОНАЛДЫК БААЛУУЛУК

ПК3.

- АДАБИЙ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

## ПК1. Окурмандык


- адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

## ПК2. Эмоционалдык баалуулук

- Окуучунун окуп жатканда сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого жөндөмдүүлүгү.

## ПКЗ. Адабий чыгармачылык

- ар түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды ж.б. кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып-билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жаан байытуу, кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу. .


Компетенттүүлүктөр
Негизги
Предметтик
Маалыматтык
Окурмандык
Эмоционалдык -баалуулук-
Прозалык жана поэтикалык кепти айырмалайт
Чыгарманын адеп-ахлактык жана социалдык темасын белгилейт
Социалдык-коммуникативдик
Окурмандык
Эмоционалдык баалуулук
Адабий-чыгармачылык
Себеп-натыйжалык байланышты түшүндүрө т
Ар кайсы жанрдагы чыгармалардын сюжетин салыштырат (повесть, роман...)
Жазуучу тарабынан жаратылган, оозеки формадагы картинаны сөз аркылуу сү рөттөйт
өзүн өзү таануу жана маселени чечүү
Эмоционалдык -баалуулук
Адабий-чыгармачылык
Каарманга карата жеке мамилесин билдирет
Ар кайсы жанрдагы чыгармаларды сахналаштыруу аркылуу чечмелей алат


# Мазмундук линиялар (тилке)




Билим берүүнүн натыйжалары мазмундук  жана тематикалык багыттардын негизинде калыптанат. Негизги жана жогорку класстардын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктери, башталгыч класстардын окуучуларынын алган билимдеринин натыйжаларынын уландысы болуп саналат.

Ар бир класстын жетишкендиктери индикаторлор менен аныкталат.

МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ



PISAдагы окурмандык аракеттер

Мамлекет-
тик билим
берүү
стандарты

1. Милдетти чечүүгө ылайыктуу булактарды издөө;
2. Маалыматты алып чыгуу жана аны иштетүү;
3. Маалыматтарды иштетүү жана анын негизинде чечимдерди кабыл алуу;
4. Маалыматтарды берүү;

1.Маалыматты табуу жана алып чыгуу;
2. Маалыматты интеграциялоо жана интерпретациялоо;
3.Тексттин мазмуну жана формасы боюнча ой жүгүртүү жана баалоо
4.Тексттеги маалыматты пайдалануу

PISA

# Адабият мугалиминин өзгөчөлүгү :

Жазуучу – чыгарма – окурман (окуучу) үч бурчтугунун ортосунда көпүрө милдет аткаргандыгы. Адабият мугалиминин башкы милдети - өз окуучусун чыныгы адам кылып тарбиялоо, мекенчил жана улуттук рухту сыйлаган, алып жүргөн ыйман-ынсаптуу адамды калыптандыруу.



**Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери**

:

Бүгүнкү күндө окутуунун натыйжалары болуп, **теориялык билимдердин жыйындысы эмес**, алган билимдерди окуучулар практикада, өз жашоосунда колдонуусу саналат. Инсанга багыттап окутууда негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн негизинде окуучулар *репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү (чыгармачылык) деңгээлдерге* ээ болуусуна көңүл буруу зарыл.

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде **инсанга багытталган окутууга** өзгөчө маани берилет. Кыргыз адабиятын окутуууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун обьектисин көркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо иштери, чыгармаларга карата эссе же пикир жазуу, аргументтөө аркылуу жүргүзүлүшү шарт.



Маалыматтык технологияларды белгилүү өлчөмдө окутуунун башка методдору менен туура айкалыштырып колдонгондо гана, мугалим оптималдуу натыйжага жетишет. Бүгүнкү күндө маалыматтык технологияларды колдонбой туруп, конкуренцияга жөндөмдүү, заманбап окуучуну даярдоо мүмкүн эмес экендиги баарыбызга маалым.

# XXI кылымда мектептерде балдарга эмнени үйрөтүүгө көңүл буруу керек?

## Базалык көндүмдөр

- **Окуу жана жазуу көндүмдөрү**
- Математикалык сабаттуулугу
- Табигый жана так илимдер боюнча сабаттуулугу
- МКТ боюнча сабаттуулугу
- Финансылык сабаттуулугу
- Маданий-жарандык сабаттуулугу

## Компетенциялар (4К)

- Сынчыл ой жүгүртүү
- Креативдүүлүк
- Баарлашуу жөндөмү (коммуникация)
- Командада иштөө жөндөмү (кызматташуу)

## Жеке сапаттар

- Аракетчил
- Демилгечил
- Өжөр
- Ыңгайлашуу жөндөмү
- Лидерлик сапат
- Социалдык жана маданий жактан сабаттуу




Бүгүнкү күндө STEM же (STEAM) билим берүүнүн эң заманбап жана келечектүү тенденциясы. Көпчүлүк Батыш өлкөлөрүндө дал ушундай ыкма колдонулуп келе жатат. Бул математика, физика, химия, программалоо, сүрөт, тилдер бир билим берүү программасына бириктирилген. STEAM - бул аралаш билим берүү чөйрөсүндө балага илимди жана искусствону күнүмдүк жашоодо кантип колдонууну көрсөтүп-үйрөтүүчү дүйнөлүк билим берүү методдорунун бири. Заманбап педагогикалык технологияларга ээ болуу (STEM технологиялары, долбоордук окутуу технологиясы, көйгөйлүү окутуу технологиясы, кызматташуу технологиясы, компьютердик технология) мугалимдин методикалык маданиятынын бир өңүтү болуп эсептелет. Жаңы технологияларды окуу процессине киргизүү окуучунун көндүм мамилесин, ошондой эле мугалимдин позициясын да өзгөртөт.



# ОКУРМАНДЫК САБАТТУУЛУК:

**Окуу сабаттуулугу** – алдыга коюлган максаттарга жетүү, билим деңгээлин жогорулатуу, мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, социалдык жашоо-турмушка аралашуу үчүн окуу менен алектенүү, жазуу жүзүндөгү тексттерди түшүнүү жана аларды пайдалануу жөндөмү.

кыргыз тили, адабияты сабактарында окуп-түшүнүү, угуп-түшүнүү сабаттуулуктарын, текст менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын, сынчыл ойломдорун өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө зарыл.



Билим берүүнүн максаттары, билим берүү тутумун өзгөртүүнүн алкагында, ар кандай көйгөйлөрдү чечүүдө билимди колдоно билүү, керектүү маалыматты табуу, жаңы билимдерди өздөштүрүү жана технологияларды колдонуу жөндөмүн калыптандырууга карай өзгөрүп жатат.

*Технологиялык жетишкендиктер маалыматтарды алуунун жана берүүнүн мүнөзүн өзгөрттү. Мындай өзгөрүүгө тез ыңгайлашкан жана ар кандай маалымат булактарын колдонуу менен иштеп, окуй алган адистерге муктаждык пайда болду*

**Функционалдык сабаттуулук –** адамга **ОКУУГА, ЖАШООГО ИШТӨӨГӨ** жардам бере турган **билимдердин кору.**

"Функционалдык сабаттуу адам - бул ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрүндө, баарлашууда жана социалдык мамилелерде турмуштук маселелерди чечүү үчүн өмүр бою тынымсыз алып турган билимдер менен көндүмдөрдү колдонууга жөндөмдүү адам". (Леонтьев А.А.: [Образовательная система «Школа 2100». Педагогика здравого смысла / под ред. А. А. Леонтьева. М.: Баласс)



# Окурмандык сабаттуулук

**Текстке таянуу**

**Тексттен тышкары билимге таянуу**

**1. (*маалыматты*) табуу жана алуу**

**2. Интеграциялоо жана интерпретациялоо** (*текстти билдирүүлөр*)

**3. Түшүнүү жана баалоо**

- **Тексттин мазмунун**
- **Тексттин формасын**



# КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ

- **ЭМНЕ МААНИЛҮҮ БОЛДУ?**
- **КАНДАЙ СУРООЛОР ПАЙДА БОЛДУ?**
- **СУНУШ-ПИКИРЛЕРИҢИЗ**

e-mail.batirkulovaa@mail.ru

Көңүл бурганыңыздарга
РАХМАТ!

